# Мухаррам айында

# нафил орозо кармоонун артыкчылыгы

**{Кыргызча – Kyrgyz – القرغيزية}**

## Абу Закирия аль - Маданий

**Которгон: Пазылов Кадырбек**

# فضل صيام شهر محرم

أبو زكريا المدني

ترجمة: قادر بك بازولوف

مراجعة: فريق اللغة القرغيزية بموقع دار الإسلام

**Мээримдүү жана Ырайымдуу Аллахтын аты менен!**

Мухаррам айы, Исламдагы төрт ыйык айлардын бири. Аллах Таала айтты:*«**Чынында, айлардын санагы Аллахтын алдында, асмандар жана жерди жаратканкүндөгү (тагдыр) Китеби боюнча он эки айдан турат. Алардан төртөө «Харам» айлары»***[1] *(Тавба:36)*

**عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: ((أَفْضَلُ الصِّيَامِ بَعْدَ رَمَضَانَ شَهْرُ اللَّهِ الْمُحَرَّمُ، وَأَفْضَلُ الصَّلاةِ بَعْدَ الْفَرِيضَةِ صَلاةُ اللَّيْلِ)) رواه مسلم.**

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтты: Аллахтын элчиси (Ага Алланын салават-саламы болсун) айтты: **«*Рамазандан кийинки эң абзел орозо Аллахтын Мухаррам айындагы орозо, парз намаздан кийинки эң абзел намаз түнкү намаз*»** (Имам Муслим риваяты)

Бул хадистеги «Аллахтын Мухаррам айы» деп айды Аллах Таалага кошуп айтуудан максат, анын артыкчылыгын баяндоо. Мулла Али Каары (Аллах ага ырайым кылсын) мындай деген: «*Хадистин сырткы маанисинен Мухаррам айынын баары түшүнүлөт. Бирок, пайгамбардын (Ага Алланын салават-саламы болсун) Рамазандан башка эч бир айда толук орозо кармабагандыгы бекемделген. Ошондуктан бул хадистен Мухаррам айында толук орозо кармоо эмес, бул айда мүмкүн болушунча көбүрөөк орозо кармоого кызыктыргандыгы түшүнүлөт*».

## Ашура күнү орозо кармоонун өзгөчө сооптуулугу.

Аалымдардын сөздөрүнө караганда «**Ашура**» Мухаррам айынын онунчу күнү. Анын артыкчылыгы төмөнкү хадистерде баян кылынат:

**عَنْ ابْنِ عَبَّاسٍ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُمَا قَالَ: «مَا رَأَيْتُ النَّبِيَّ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يَتَحَرَّى صِيَامَ يَوْمٍ فَضَّلَهُ عَلَى غَيْرِهِ إِلاَّ هَذَا الْيَوْمَ: يَوْمَ عَاشُورَاءَ» وَهَذَا الشَّهْرَ يَعْنِي شَهْرَ رَمَضَانَ.**

[1] Ал айлар: Ражап, Зул-Каъда, Зул-Хижжа жана Мухаррам айлары. «Харам» (арам) деп аталганынын себеби, бул айларда чабуул жасоочу согуштар менен кан төгүү катуу арам кылынган.

Абдулла ибн Аббас (Аллах алардан ыраазы болсун) айтты:

***«Пайгамбар (ага Алланын салават-саламы болсун) бул күндөгү (Ашура) орозо сыяктуу бир да күндүн орозосун артык көрүп, кармоого тырышканын көрбөдүм» жана бул айды тактап айтканда рамазан айы(нда да орозо кармоого ушундай тырышаар эле)***[2]

**وقال النبي صلى الله عليه وسلم: «صيام يوم عاشوراء، إني أحتسب على الله أن يكفر السنة التي قبله» صحيح الجامع 3853.**

Пайгамбар (Ага Алланын салават-саламы болсун) айтты:

***«Мен Аллахтан Ашура күнүнүн орозосун өткөн жылга кафарат***[3] ***кылуусун үмүт кыламын».***

Аллах Тааланын бизге ушул сыяктуу бир күндүк орозо себептүү бир жылдык кичине күнөөлөрдү кечирип жиберүүсү, Анын теңдеши жок Жоомарт Зат экендигин көрсөтөт.

## Бул күнү жөөттөрдөн өзгөчөлөнүп амал кылуу

**عَنْ ابْنِ عَبَّاسٍ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُمَا قَالَ: ((قَدِمَ النَّبِيُّ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ الْمَدِينَةَ فَرَأَى الْيَهُودَ تَصُومُ يَوْمَ عَاشُورَاءَ فَقَالَ: مَا هَذَا؟ قَالُوا: هَذَا يَوْمٌ صَالِحٌ. هَذَا يَوْمٌ نَجَّى اللَّهُ بَنِي إِسْرَائِيلَ مِنْ عَدُوِّهِمْ. فَصَامَهُ مُوسَى. قَالَ: فَأَنَا أَحَقُّ بِمُوسَى مِنْكُمْ. فَصَامَهُ وَأَمَرَ بِصِيَامِهِ)) رواه البخاري.**

Абдулла ибн Аббас (Аллах алардан ыраазы болсун) айтты: ***«Пайгамбар (Ага Алланын салават-саламы болсун) Мадинага келгенде, Ашура күнү жөөттөрдүн орозо кармаганын көрүп, бул кандай күн деп сурады? Алар: Бул жакшы күн. Бул күнү Аллах Таала Исраил уулдарын душмандарынан куткарган күн жана ал күнү Муса алайхи салам орозо кармаган дешти. Пайгамбар (ага Алланын салават-саламы болсун):***

[2] Рамазан айынын орозосунан башка күндөрдөгү орозону кармоодо бул Ашура күнүнүн орозосуна өзгөчө тырышаар эле.
[3] Күнөөнү өчүрүүчү амал же нерсе.

***«Мен, Мусага силерге караганда акылуумун» деди да ал күнү орозо кармап, (башкаларды да) орозо кармоого буюрду.*** (Имам Бухарий)

**و في رواية مسلم: ((هذا يوم عظيم أنجى الله فيه موسى وقومه وغرّق فرعون وقومه)).**

Имам Муслимдин риваятында: **«*Бул улуу күн. Аллах Таала бул күнү Муса жана анын коомун куткарып, Фараон жана анын коомун чөктүргөн*» деп келген. «*Ал күнү Муса алайхи салам орозо кармаган*» сүйлөмү Имам Муслимдин риваяттарында «*Муса ал күнү Аллахка шүгүр кылып, орозо кармаган биз да кармайбыз*»** деген кошумча менен келген.

Бул күнү орозо кармоо Исламдан мурдакы доордо да белгилүү болгон. Айша энебизден (Аллах андан ыраазы болсун) бекемделген риваятта, айтты: **«*Исламдан мурдакы доордогу адамдар да ал күнү орозо кармашаар эле*».**

Имам Куртубий айтты: *«Курайш уруусу бул күндүн орозосун кармоодо Ибрахим (ага Алланын саламы болсун) сыяктуу өздөрүнөн мурдакылардын шарияттарына ылайык амал кылган болушу мүмкүн. Пайгамбардын (ага Алланын салават-саламы болсун) да Мекке доорунда бул күнү орозо кармагандыгы риваяттарда бекемделген, Мадинага көчүп келгенде жөөттөрдүн ал күнү топтолуп, майрамдашканын көрүп, алардан анын себебин сураганда, алар жогорудагы хадисте келгендей жооп беришкен. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салават-саламы болсун) алардан өзгөчөлөнүп, ал күндү майрамдабастан, орозо кармоого буюрган. Имам Муслимдин риваяттарында «Ашура, жөөттөр аны улуктап-майрамдаган күн эле» деп келген.*

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салават-саламы болсун) бул күнү орозо кармоого буюрган себеби, жөөттөрдөн өзгөчөлөнүп амал кылууну

жакшы көрүүсү, алардын оозу ачык боло турган айт күнү орозо кармоо эле[4].

**Мухаррам айынын тогузунчу жана онунчу күндөрү орозо кармоо мустахаб**

**روى عَبْدَ اللَّهِ بْنَ عَبَّاسٍ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُمَا قال: ((حِينَ صَامَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يَوْمَ عَاشُورَاءَ وَأَمَرَ بِصِيَامِهِ قَالُوا يَا رَسُولَ اللَّهِ إِنَّهُ يَوْمٌ تُعَظِّمُهُ الْيَهُودُ وَالنَّصَارَى فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ فَإِذَا كَانَ الْعَامُ الْمُقْبِلُ إِنْ شَاءَ اللَّهُ صُمْنَا الْيَوْمَ التَّاسِعَ. قَالَ: فَلَمْ يَأْتِ الْعَامُ الْمُقْبِلُ حَتَّى تُوُفِّيَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ)) رواه مسلم.**

*Абдулла ибн Аббас (Аллах алардан ыраазы болсун) айтты:* ***«Аллахтын элчиси (Ага Алланын салават-саламы болсун) Ашура күнү орозо кармап, (башкаларды да) кармоого буюрганда, (сахабалар) айтышты: Оо, Аллахтын элчиси (Ага Алланын салават-саламы болсун) ал, жөөттөр жана христиандар улуктай турган күн. Аллахтын элчиси (Ага Алланын салават-саламы болсун) «Аллах кааласа кийинки жылы, тогузунчу күнү да кармайбыз» деди. Кийинки жылга жетпей Аллахтын элчиси (ага Алланын салават-саламы болсун) дүйнөдөн кайтты»*** *(Имам Муслим).*

*Ислам аалымдары тогузунчу жана онунчу күндөрү орозо кармоо мустахаб*[5] *иш-амалдардан деп айтышкан. Анткени, Пайгамбар (ага Алланын салават-саламы болсун) онунчу күнү орозо кармап, кийинки жылы тогузунчу күнү да кармоону ниет кылган эле.*

[4] Фатхул Барий» китебинен Хафиз Ибн Хажардын сөздөрүнөн кыскартылып алынды
[5] Жакшы көрүлгөн

Кээ бир аалымдар онунчу күнгө тогузунчу күндү кошуп кармоонун себеби, ал күнү орозо кармап, жөөттөргө окшоп калбастык болсо керек деген.

Ибнул Каййим (ага Аллах ырайым кылсын) өзүнүн «Заадул маъаад» китебинде Ашура күнү орозо кармоонун төрт көрүнүшү бар деген:

**1- онунчу күнү гана орозо кармоо.**

**2- онунчу күнгө тогузунчу күндү кошуп кармоо.**

**3- онунчу күнгө он биринчи күндү кошуп кармоо.**

**4- үч күн (9-10-11- күндөрү) кармоо.**

Төртүнчү көрүнүштөгүдөй орозо кармалса, бир айда үч күн орозо кармоо сүннөтү да аткарылган болот. Мухаррам айында канчалык көп орозо кармалса, ошончолук жакшы.

## Ашура күндөгү орозо эмнелерге кафарат болот?

**И**мам Нававий (ага Аллах ырайым кылсын) мындай деген: ***«Бардык кичине күнөөлөргө кафарат болот. Анын мааниси: ал күнү орозо кармаган адамдын чоң күнөөлөрүнөн башка бардык күнөөлөрү кечирилет».***

Андан ары сөзүн улап, айтты: ***«Арапа күндүн орозосу эки жылга кафарат болот, Ашура күндөгү бир жылга, намаз окуучунун «Амин» деп айтканы периштелердин «Амин»ине туура келсе, анын мурдакы күнөөлөрү кечирилет. Бул амалдардын баары кафарат болууга жарактуу, кичине күнөөлөрү бар болсо, кечирилет. Чоң да кичине да күнөөлөрү жок болсо, бул амалдар соол болуп жазылып, даражасы көтөрүлөт. Бир же бир канча чоң күнөөлөрү гана болсо, аларды жеңилдетүүсүн үмүт кылабыз»***[6].

[6] «Алмажмуъ шархул Мухаззаб», 6-том, Арапа күндүн орозосу

Шайхул Ислам (ага Аллах ырайым кылсын) айтты: «***Даарат, намаз, Рамазан айынын орозосу, Арапа жана Ашура күндөрүндөгү орозолор кичине күнөөлөргө кафарат болот*».**

## Орозонун сообуна алданып калбоо

Кээ бир адамдар Ашура же Арапа сыяктуу күндөрдүн орозосу менен алданып калышат. Алардын мындай дегендери да бар: Ашуранын орозосу бир жылдык күнөөлөрдү кечирет, Арапанын орозосу болсо, кошумча сооп болуп (пайдага) калат.

Ибнул Кайийм (ага Аллах ырайым кылсын) айтты: «*Бул алданган байкуш Рамазандын орозосу жана беш маал намаздын Арапа жана Ашура күнүндөгү орозолордон улуураак да сооптуу да экенин билбейт. Намаз жана орозо бир-биринин арасындагы кичине күнөөлөргө кафарат болуш үчүн чоң күнөөлөрдөн сактануу шарт. Рамазан кийинки Рамазанга чейинки, намаз кийинки намазга чейинки араларындагы кичине күнөөлөрдү кечирүү үчүн чоң күнөөлөрдөн алыс болуу зарыл. Ушул эки амал табылганда гана кичине күнөөлөрдү кечирип жибере алат. Кээ бир алданган байкуштар, күнөөлөрүмө караганда жакшылыктарым (сооптoрум) көбүрөөк деп ойлойт. Ал байкуш күнөө иш кылдымбы деп ойлоп да койбойт. Бир жакшы амал кылса, анысын бетине бекем кармап алат. Ал адам бир күндө тили менен 100 жолу тасбих*[7] *же истигфар*[8] *айтып, анын артынан мусулмандарды ушак кылып ( артынан сүйлөп), же алардын аброюна шек келтирип, күнү бою Аллах ыраазы болбогон сөздөрдү сүйлөгөн кишиге окшойт. Андай адамдар тасбих жана истигфардын сообуна карап, арттан ушактоочу, калпычы жана сөз ташуучулардын жазаларына көңүл да буруп коюшпайт*».

[7] Субхааналлах деп айтуу (Аллах бардык кемчилик жана айыптардан АРУУ жана ТАЗА).
[8] Күнөөлөрүн кечирүүсүн суранyy.

## Бидъаттардан[9] алыс болу

Урматтуу бир туугандар, бул улуу айда ар түрдүү бидъат амалдардан алыс болуңуздар! Кээ бир адамдар бул күндү майрамдашса, башкалары аны аза күнү кылып алышкан. Экөөсү тең сүннөткө каршы амалдар. Рафиза-Шииъалар (Шииттер) бул күнү Хусейин ибн Али (Аллах алардан ыраазы болсун) өлтүрүлгөн деп ал күндү аза күнү кылып алышкан. Аларды ээрчип, Ислам кайтарган бетке уруп, көйнөктөрдү жыртып, дене, бети-башка чынжыр-бычак менен уруп, канатып аза күткөндөн алыс болуңуз! Бул Ислам динине жат болгон бидъат болуп эсептелет. Ислам дини алардын мындай амалдарынан таза, Аллах пенделерине Мээримдүү, аларды мындай өзүн-өзү азаптай турган амалдарга буюрбайт.

Урматтуу! Мусулман ага-ини жана эже-карындаштар бул улуу күндөрдө Аллахтын ибадатына ашыгып, Ал ыраазы болгон амалдарды аткарып, Ал жаман көргөн амалдардан алыс бололу!

Аллах Таала баарыбызды Өзү сүйүп, ыраазы болгон амалдарды аткарууга ийгилик берип, туура жолунан адаштырбасын!

Пайгамбарыбызга (*Ага Алланын салават-саламы болсун*), анын үй-бүлөөсүнө жана сахабаларына Аллахтын салават-саламдары болсун!

[9] Динге жаңылык киргизүү